**Ак-Тилек орто мектебинин окуу тарбия иштери боюнча 2020-2021-окуу жылдын биринчи жарым жылдык отчету.**

2020-жыл

Ак-Тилек орто мектебинде жыл башында тарбия иштери боюнча жылдык план түзүлдү. Сентябрь айында 1-сентябрь билим күнүнө карата «Менин сүйүктүү Кыргызстаным» аттуу 1-11-класстарда тарбиялык сааттар онлайн түрүндө өтүлдү.

9-сентябрь комуз күнүнө карата классттык саатар өтүлүп, кыргыз элинин табериги болгон комуз аспабы тууралуу окуучуларга слайд аркылуу түшүнүк берилди.

23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата «Тилим менин жан дилим» класстык сааттар онлайн режиминде болду. 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата онлайн режиминде салтанаттуу түрдө линейка уюштурулду.

«Улут болсом тилим менен улутмун» аттуу кыргыз тилинин баалуулуктарын данктаган көркөм окуу сынагы болуп өттү. Көркөм окуу сынагын 3-10-класска чейинки окуучулар катышышты. Райондук көркөм окуу сынагында 2-класстын окуучусу Шарапидинова Жамийла 1-орун, 3-класстын окуучусу Меркебаев Нияз 2-орун, 5-класстын окуучусу Эдилбекова Арууке 3-орунга ээ болуп ,диплом менен сыйланышты.

Мамлекеттик тил күнүнө карата 8-11-класстардын окуучуларынын арасында «Эне тилди билүү атуулдук милдет» аттуу дил баян жаздырылды.

Жолдо жүрүү эрежелин сактоо боюнча 1-11-класска чейин класстык саатар өтүлдү. Балдардын өз алдынча башкаруу иштери уюштурулуп, онлайн режиминде парламенттик курам түзүлдү.

Октябрь айында мүнкүнчүлүгү чектелген адамдар жана карылар күнүнө карата онлайн режиминде слайд көрсөтүлдү.

Ата-энелер менен окуучулар арасында жугуштуу оорулардан алдын ала сактануу боюнча онлайн режиминде чогулуш өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

«Канаттуулар биздин досубуз» аттуу ачык класстык саат 2-класста онлайн режиминде өткөрүлүп, мугалим Бейшебаева Нуржамал окуучуларга жаратылышты сактоо, коргоо керектигин терен түшүндүрүп бере алды.

«Карынын кебин капка сал» дил баяны 9-11-класстарга жаздырылды. Кары адамды сыйлайлы сүрөт конкурсу уюштурулуп, 5-7-класстын

окуучулары катышып, Союзбеков Айэмир, 7-класстан Акматов Айдар женүүчү деп аталады.

2-4-класстар арасында «Мен чон атам жана чон апамды жакшы көрөм» көркөм окуу сынагы өткөрүлдү. «Карысы бардын ырысы бар» макал лакаптар таймашы онлайн режиминде болду.

«Мугалим мөмөлүү дарак» класстык сааттар 1-11-класска чейин онлайн режиминде өтүлдү. Кружок сабагын жетектеген Сопуева Нуржамал 10-класстын окуучуларын «Күзгү вальс» кароо сынагына катыштырып, райондук грамотага ээ болушту.

Ноябрь айында ИДН кызматкери менен онлайн режиминде окуучуларга жыйналыш болуп, тартиптери боюнча окууучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. 8-11-класстар мектеп ичиндеги «Зомбулукка, рекетке, талап тоноочулукка жол бербейбиз» аттуу онлайн режиминде диспуд болуп өттү. Ноябрь айында 1-11-класска чейин ата-энелер чогулушу онлайн режиминде өтүлүп, зордук-зомбулук, суицид, ректчилик тууралуу айтылды.

Декабрь айында «СПИДке каршыбыз» аттуу класстык сааттар өтүлдү.9-класстын класс жетекчиси Кыдырова Айнура «Спид кылым чумасы» аттуу ачык класстык саат өттү.

Бейшекеева Жыпара 10-класска «Менин айылым» аттуу ачык класстык саат өтүп, айылдын кооздугу, өнүгүшү тууралуу окуучуларга терен түшүнүк берди.

«Зордук-зомбулукка жол жок!» аттуу иш чарага план түзүлдү. 3-4-класстарга «Зордук-зомбулуксуз дүйнө» деген темада сүрөт конкурсу өтүлдү. «Зордук – зомбулукка каршыбыз» аттуу ачык класстык саат 4-класска Абасова Гулнура өтүп, окуучуларга зордук-зомбулук тууралуу терен түшүнүк берди.

«Зордук – зомбулукка каршыбыз» аттуу класстык сааттар болду.10-11-класстарда «Зордук-зомбулуксуз үй-бүлөө» аттуу тегерек стол өтүлдү. 8-11-класстарга Садыкова Майрам «Аялдардын укутарын коргоо» аттуу тегерек стол өттү. «Зордук-зомбулуксуз дүйнө» деген темада 8-класска дил баян жаздырылды.

Декабрь айында өрт жана турмуш тиричилик коопсуздугун алдын алуу боюнча 1-11-класстарда класстык сааттар өтүлдү. «Өрт тилсиз жоо» аттуу 3-4-класстарга жат жазуу жаздырылып, өрт жана турмуш тиричилик коопсуздугун алдын алуу тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Б.К.Орозобаева